DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2023

***ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ***
***PHILOSOPHICAL SCIENCES***

*Алымбаев А.М.*

# ТЕҢИР ДҮЙНӨТААНЫМЫНЫН ДУАЛИСТТИК МҮНӨЗҮ

*Алымбаев А.М.*

# ДУАЛИСТИЧЕСКИЙ ХАРАКТЕР ТЕНГРИАНСТВА

*A. Alymbaev*

# THE DUALISTIC NATURE OF TENGRIANISM

*УДК: 130.3 (575.2) (04)*

*Ушул мезгилге чейин Угуз хандын эпикалык каарман катары изилдешкен окумуштуулар, анын кийинки XVI кылымда жазылган версияларына көбүрөк көңүл буруп, түп нускадагы вариантты терең изилдеп чыгуу аракеттери жеткиликтүү болгон эмес. Биз-окумуштуулар дайым Угуз хан тууралуу кеп кылып жатканда, анын "каган", "баатыр" экени жөнүндө айтып, бирок тексте баяндалган анын эң башкы касиеттеринин бири болгон "бакшылык" ("кыдыр") касиетин кеп кыла электпиз. Анын дал ушул касиети жана "наамы", бизди, огуздар арийлердин бир уруусу болгон окшойт деген болжолго алып барып такайт. Бирок, маселенин баары болжолдон ары жылып, анын чындыгын табууда турат. Бул макалада дал ошол маселе тууралу сөз козголот.*

***Негизги сөздөр:*** *Теңир, Үлкен, Эрлик, Кара хан, Угуз хан, Рашид ад-Дин, Абулгазы Бахадур, аалам, космос, дух.*

*До сих пор ученые, изучающие Угуз-хана как эпического героя, больше внимания уделяли его поздним версиям, написанным в XVI веке, и попытки глубоко изучить первоначальную версию отсутствовали. Когда мы, ученые, всегда говорим об Угуз хане, мы говорим о его как «кагане» и «герое», но мы не говорили о его как «бакшы» («кыдыр»), которое является одним из основных его качеств, описанных в тексте. Именно эта характеристика и «титул» приводят нас к предположению, что огузы были племенем ариев. Однако весь смысл в том, чтобы выйти за рамки предположения и найти его истину. В этой статье будет рассмотрен именно этот вопрос.*

***Ключевые слова****: Тенгри, Улкен, Эрлик, Кара хан, Угуз хан, Рашид ад-Дин, Абулгазы Бахадур, вселенная, космос, дух.*

*Until now, scientists studying Uguz Khan as an epic hero have paid more attention to his later versions written in the XVI century, and there have been no attempts to study the original version more deeply. When we, scientists, talk about Uguz Khan, we talk about him as a "kagan" and a "hero", but we talk about him as a "Bakshi" ("kydyr"), which is one of his main qualities described in the text. These characteristics and the "title" lead us to the assumption that the Oguzes were a tribe of Aryans. The whole point is to go beyond the assumption and find its truth. This article will address this issue.*

***Key words****: Tengri, Ulken, Erlik, Kara Khan, uguz Khan, Rashid al-Din, Abulgazi Bahadur, universe, space, spirit.*

Теңир тууралуу мурунку жазма булактардагы жана бүгүнкү күнү түрк-монгол элдеринде сакталган элементтерин жана касиеттерин эске алып, аны төмөнкүдөй багытта изилдөө туура деп ойлойм:

Биринчи, көпчүлүк окумуштуулардын айткандарына караганда, "Теңир" менен "Аалам" синоним түшүнүктөр. Андай болсо, Теңирди "абсалюттук Дух", Ааламды – "абсалюттук Дене" (материя) деп түшүнүшүбүз керек болот. Башкача айтканда Теңир – Ааламдын руханий мааниси болсо, Аалам – Теңирдин материалдык көрүнүшүн түшүндүрөт.

Экинчи, Алтай-Сайан элдериндеги сакталган салт боюнча, Теңир абсалюттук Дух катары эки сапаттан турат. Алардын аттары түрк - монгол элдеринин ишениминде "Үлкен" [7, 546-б.] жана "Эрлик" [7, 667-б.] деп айтылат. Башкача айтканда Теңир өзүнүн "жакшы" жана "жаман" сапаттарын экиге ажыратып, Үлкен менен Эрликти жаратат. А негизи, "эки духтун" жаралышы боюнча да бир нече версиялар бар. Анын бир вариантында эки дух "эки өрдөк" көрүнүшүндө баяндалат. Үчүнчү бир версия боюнча эки духту Үч Курбустан жаратат. Үчүнчү, ырас Абсалюттук Дух экиге ажырагандан кийин, анын материалдык көрүнүшү болгон Аалам да: "Асман" [7, 206-б.] жана "Жер" [7, 466-б.] деген аталыш менен экиге бөлүнөт. Дух менен Материя бир бүтүн болгондуктан, бөлүнгөн ар бир материалдык бөлүкчө, өзү менен кошо бөлүнгөн дух касиети менен бир жашайт. Башкача айтканда Теңир тарабынан өзүнө берилген касиет боюнча Үлкен – "Асмандын", Эрлик – "Жердин" ээсине айланат. Аны биз, Үлкен менен Эрлик жөнүндө баяндалган мифологиялык маалыматтардан улам жакшы билебиз. Төртүнчү, өз кезегинде Асман эки сапаттан турат. Ал жөнүндө "Күн" [7, 461-б.] жана "Ай" [7, 78-б.] тууралуу айтылган мифтерде баяндалган. Ошондуктан биздин ата-бабалар, Асман сыяктуу эле, Күн менен Айга да, Теңирдин көзгө көрүнгөн элестери же образдары катары сыйынышa берген. Бешинчи, Асман сыяктуу эле Жерде да эки сапат бар. Алар: "От" [7, 239-б.] жана "Суу" [7, 240-б.] деп аталат. Бул экөө тең биздин байыркы ата-бабалар ыйык туткан заттар. Жер менен бирге эле экөө тең Теңирдин сырдуу касиеттерин билдирген материялар. Алтынчы, Теңирдин Жердеги көрүнүшү – ал "Адам" [7, 39-б.]. А чынында, Асман менен Жер кандай мааниге ээ болсо, Адам да ошондой эле мааниге ээ. Байыркы Орхон-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Энесай жазууларында: "Үстүдө көк Асман, астыда кара буурул Жер пайда болгондо, ортодо Киши уулу жаралган" деп, Асман менен Жердин катарында турган Биринчи Адам тууралу айтылат. Бул жөн айтылган сөз эмес. Анткени, Теңирдин эркисиз Адам жаралбагандай эле, Адамсыз Теңир да эч кандай мааниге ээ эмес. Теңирдин эрки менен жаралган жандардын ичинен Адамдан башка эч бирөөсү анын бар экенин билбейт? Ага Адамдай маани берип, ыйык тутуп, Ага Адамдан башка эч бир жаныбар сыйынбайт. Анткени, Анын бар экенин жүрөгү сезсе да, акыл-эси болбогондуктан аңдап биле албайт. Ошондуктан, Адам Асманды – "ата", Жерди "эне" деп атайт. Анткени, Теңирдин эрки менен Адам - ал экөөнүн (Асман менен Жердин) "ортосунда", алар менен бир жаралган. Башка бир варианттарда Асман ата менен Жер эне кошулуп, Биринчи Адам (Ману) жаралат. Арат дүйнөтаанымы боюнча Биринчи Адам – ал Кудайдын баласы, бүгүнкү адамзат анын урпактары. Жетинчи, жогоруда Теңирдин "денеси" - Аалам, же Ааламдын "жаны" Теңир экенин айттык. Дал ушул сыяктуу эле, Теңирдин Жердеги "микрокөрүнүшү" катары, Адам да духовный түшүнүктөн жана материалдык көрүнүштөн турат. Ушул "эки сапат" тең Адамда бар. Башкача айтканда:

- биринчиден, Адам: "Жандын" жана "Дененин" биримдиги.
- Экинчиден, эгер Теңирдин руханий табияты "жакшылыкты" жана "жамандыкты" жаратуучу "эки духтун" (Үлкен менен Эрлик) ишмердиги аркылуу көрүнсө, Адамдын руханий табияты Адамдын өзүнүн "жаратуучу" жана "кыйратуучу" касиеттери аркылуу аныкталат.
- Үчүнчүдөн, Теңирдин материалдык көрүнүшү болгон Аалам "Асман" жана "Жер" формаларында экиге ажырагандай эле, Адамдын материалдык көрүнүшү да: "Эр киши" жана "Үр киши" деп бөлүнгөн эки сапаттан турат.

Жөнөкөй тил менен айтканда, алар: "эркек" ("эр+көк") жана "ургачы"("үр+кыз-ы", же "үр+хас-ы" – "бейиштин кыздары") деп аталышат. Менимче, Теңирдин этимологиясын жана маанисин, Адамдын дал ушул "эр" жана "үр" деп айтылышына байланыштуу изилдеш керек. Ошондо анын чыныгы сыры, өзүнүн жердеги көрүнүшү болгон Адам менен бириккен мааниси ачылат. Башкача айтканда, байыркы ата-бабаларыбыздын Асманга сыйынган Эр эл болгонун эске алып, Теңир: "Таң+Эр (алт: ар-ир)" деген эки сөздүн курамынан турат деп чечмелөө туура ойлойм. Анын биринчи бөлүгү ("таң") – "жарык", "асман" деген маанилерди билдирсе, экинчи "эр" деген сөзү кээ бир түрк тилдеринде "ир адам", "жоокер адам", "баатыр адам" дегенди түшүндүргөн. Ошондо кыскача мааниси: "Аалам Адам" - "Асман Адам" - "Күн Адам" деген түшүнүктү билдирет.

Белгилүү окумуштуу Д.Банзаровдун жазганы боюнча да "Көк Тенгри – биздин көзгө көрүнүп турган асманга карама-каршы, материалдык эмес, духовный түшүнүктү" [3, 49-б.] билдирет. Менимче, анын сырткы көрүнүшү да Теңирди билдириши керек. Анткени, Аалам – анын денеси, анын көрүнбөгөн жагы анын руху.

Казак илимпозу С.Акатай да бул теонимдин этимологиясы боюнча биз жогоруда айткан ойго жакын пикирди билдирет: "Вполне вероятно, что слово "тенгри" в древности звучало как "танера", судя по тому, как оно распространено среди других народов. В таком случае оно сложное, состоит из двух корней: тан+ери. Вероятно, оно в знчении "таң" имеет связь с восходящим солнцем, так как во всех тюркских языках таң – восход, время восхода солнца, утро. Другой корень – "ер, ери, эр" во всех тюркских языках означает "муж", "мужчина", "человек", "герой". В таком случае Тенгри означало бы "солнце-человек", "небо-человек", т.е. то же, что бог" [1, 75-б.].

Ошентип, Теңир түшүнүгү ал жөн гана Асман эмес, же жөн эле Асмандын ээси эмес, же жөн эле "Жараткан- Кудай" эмес, ал улуу Кудай, абсалюттук Дух. Пратүрк тилдеринде "тең" жөн гана Асманды эмес, баардыгын камтып, өзүнө синирген жана өзүнөн бөлүп чыгарган Түпбашат.

Теңир дүйнө таанымын ким негиздеген? Бул көп берилген жана ушул убакка чейин жообу табыла элек суроо. А чынында, Теңирчилик дин эмес, ал андан кеңири мааниге ээ диний-философиялык окуу, же дүйнө тааным. Бирок, ошондой болгондо да, Теңир дүйнөтаанымын алгач кимдир-бирөө реформалап, салтка киргизгени шексиз. Анткени ар кандай окуунун, же дүйнө таанымдын да дин сыяктуу негиз салган адамы болгон деп ойлойм. Мисалы, Даонун негиздөөчүсү – даанышман Эр Ли *(Лао-цзынын өз ысмы)* же Хуан-ди (*кээ бир кытай мифтерининде даонун негиз салуучусу Хуан-ди деп айтылат)* сыяктуу? Теңирчиликте да бир адам болгон.

Бизге белгилүү түрк-монгол элдерине тиешелүү эпостордун жана дастандардын ичинен "Огуз наме" эпосу көлөмү чакан болгонуна карабай, өзгөчө орунда турат. Уйутулган тай туйак алтындай болгон дал ушул сары уйгур вариантына таандык эпосто жана кара сөз менен атактуу Абулгазы Бахадур жазган санжырада Теңир дүйнө таанымына негиз салган адам, улуу бабабыз – Угуз хан тууралу баяндалат.

Исламды кабыл алуу менен кайсы бир этностун келип чыгышына, же ааламдын, асмандын жана адамдын жаралышына байланышкан мифтердин жаңы варианттары пайда болгон. Алар Рашид ад-Дин, Абулгазы Бахадур, Язкыжыоглу Али сыяктуу авторлордун чыгармаларында чагылдырылган. Эгер биз, тексте айтылгандын баарын өзүндөй түшүнсөк, анда "кептин ары жагында" эмне кеп бар экенин эч качан билбейбиз?

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Сөз анда башынан болсун. Биз талдоону, XIII кылымга таандык сары уйгур вариантындагы “Огуз наме” дастаны боюнча жүргүзүп, аны менен катар, керектүү учурда, толуктоо иретинде Раши ад-Дин менен Абулгазы Бахадурдун санжыраларына шилтеме бере отурабыз. Биз азыр сөз кылып жаткан эки тексти тең кыргыздын көркөм тилинин көрүнүктүү өкүлү, чыгаан ойчул жазуучусу Чоюн Өмүралиев түп нускадан кыргыз тилине которгон жана эки текстке тең эң сонун түшүндүрмө берген. Ошондуктан биз ушул автордун котормосу боюнча текстерге шилтеме беребиз.

Дастан: “Ай каган көз жарды да, болду уулдуу” *(чынында бул Дастандын башталышындагы «үчүнчү» ыр сабы)* - деп, Угуздун төрөлүшү менен башталат. Ал эми Абулгазы Бахадурдун “Түрк санжырасы” адегенде Угуз каганга чейинки заманды сүрөттөп, “Магул хандын баянынан” тарта кеп улайт. Анда мындай делет: “Магул хан көп жылдар падышалык кылды, төрт уулу бар эле. Абалкысы Кара хан, экинчи Өз хан, үчүнчү Көз хан, төртүнчү Көр хан турур. Магул хан өлөрүндө улуг уулу Кара ханды өз ордуна коюп кетти” [6, 8-б.].

Андан нары “Кара хан баяны” айтылат: “Атасынан соң бүтүн элге падыша болду. Ар тоосу жана Кер тоосу бу заманда Улуг тоо жана Кичик тоо делет, аны жайлар эле. Кыш болгондо Кара-Кум жана Сыр-Суунун жакасын кыштаар эле. Кара хан заманында эл анча каапыр болду, ичтеринде бир мусулман калбады” [6, 8-б.]. Текстеги: “Кара хан заманында эл анча каапыр болду, ичтеринде бир мусулман калбады” деген сөз эмнени билдирет? Бул кайсы заман? Кайсыл доор? Кайсы Магул хан ?.. Кайсы Кара хан?..

Тарыхчылардын кээ бири хун шаа бийи Модени (*б.з.ч. III к. азыркы Монголия аймагында Хунну империясынын улуу шаа бийи – Моде (кыт. Маодун) жөнүндө айтылып жатат. Бернштам, Бичурин баш болгон изилдөөчүлөр Модени - Угуз хан дешет)* Угуз кагандын прототиби деп жүрүшөт. Моде шаа бий *(Кытай булактарында: “шаньюй” деп берилет-Б.Т.)* б.з.ч. III к. тегерегинде жашаган адам. А бирок, ал кезде ислам дининин аты эмес, исламды жараткан арап элинин өзү да жок болчу. А балким, сөз ислам дини эмес, башка бир дин же ишеним тууралу бараткандыр? Ал кийин мусулман миссионерлеринин кысымы менен “ислам” деп оңдолгондур? А чынында, биз ойлогондой, манасчылар өз убагында айласыз, исламдан алда канча миндеген жылдар мурун жашап өткөн Манас атабызды Мекеге алып барып, “ажы” кылып келишкендей эле, “Огуз намени” айтып келаткандар да ошондой тагдырга туш келишкени тарыхчылар үчүн андай деле түшүнүксүз көрүнүш эмес. Эгер биз Угуз хандын башындагы “селдесин” алып ыргытып, ордуна өзүнүн “суусар тебетейин” кийгизип, үстүндөгү арабдын ала чапанын сыйрып таштасак, ошондо ичиндеги зоот кийген улуу Бабабыздын зор денеси көрүнөт. Анан, анын кайсы кылымга таандык экенин кыйналбай эле тактап билебиз.

Анда сөз, кайсы мезгилде жашаган Кара хан, кайсы “дин” жөнүндө баратат – ошол тууралу болсун. Ага-ини, татар тарыхчылары Кабир Туйка менен Фазил Туйканын маалыматы боюнча, мындан “34” кылым мурун Азияда жашаган түрк элдери бир улуу кагандык түзгөн. Ошол кагандыктын башында турган Угуз хан чыгыш түрк улустарын бир Ордонун тегерегине топтоп, ошол кезде Сибирде жашашкан фин урууларын, андан кийин жанындагы кытай, инди жана иран элдерин өзүнө баш ийдирип, андан нары Сирия жана Мисирге чейин бийлик жүргүзгөн. Угуз кагандын көзү өткөндөн кийин кагандыктын күчү чачырап, жогорку багынган элдер өз алдынча болуп кетишкен [6, 378-б.].

Эң сонун! Мына бул - биз издеген кеп! Эгер баласы Угуз хан мындан 34 кылым мурун жашаса, анда атасы – Карахан, жок дегенде андан 25 жыл илгери жашаган болуп чыгат.

Улуу каган тууралу, кыргыз санжырачысы Талып Молдонун айтканы боюнча, Угуз хан мындан 4800 жыл илгери жашаган [6, 507-б.]. Бул датаны (4800 жыл) ал кайдан алганы белгисиз? Андан нары, санжырада анын бир небересинин аты Кыргыз болгону да айтылат. Абулгазы Бахадурдун санжырасында айтылган маалыматка караганда, Кара хандын тушунда эл “каапыр” болгон. Демек дин болгон эмес. Бардык санжыраларда, Кара хан заманы эл бузулган заман катары сүрөттөлөт. Демек, Абулгазы айтып жаткан Кара хан, кече миң жыл мурун ислам динин “мамлекеттик дин” катары кабыл алган “кара хандар” эмес. Анда кайрадан дастанга көңүл буралы. Жогоруда айткандай, дастан Угуз хандын жарык дүйнөгө келиши менен башталып, ал тууралу мындай делет:

Ай каган көз жарды да болду уулдуу.
Баланын өң-чырайы көк чаар еди.
Ээрини алоо, көзү өрттөй,
Чачы, кашы кара еди.
Тектүүдөн теңдеши жок көрктүү,
Ошол уул бир оозанып энесинин ак уузун,
Мундан артык эмбеди.
Тилге келди.
Чийки эт, аш, сүзмө тиледи [6, 358-б.].

Ал эми ушул окуя Абулгазынын санжырасында мындай сүрөттөлөт: “Кара хандын улуг катынын бир уулу болду. Көркөмү ай, күндөн артык, үч кече, күндүз энесин эмбеди. Ар кечте ал уул энесинин түшүнө кирип айтар эле: “Ай ана, мусулман болгул, агер мусулман болбосоң, өлсөм өлөрмүн, (асты) сенин эмчегиңди эмбейм” деп. Энеси уулун кыя албады дагы, “Алланын” бирлигине ыйман келтирди. Андан соң тынчыган уул энесинин эмчегин эмди. Энеси көргөн түшүн жана мусулман болгонун жан кишиге айтпады

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



дагы жашырды” [6, 9-б.].

Бул текстин ичиндеги: “ай эне, мусулман болгун…” деген сөз, алгач өз заманында, болжол менен мындай айтылганы шексиз: “Ай эне бир улуу кудайга ишен, анын ысмын “Теңир” деп айт”. Анткени, жогорку эки ага-ини тарыхчылар айткан “Кара хан” заманында, биз жогоруда кеп кылгандай, ислам дини эмес, аны алып жүргөн арабдар өздөрү тарых сахнасынан көрүнө элек болчу. Минтип айтып жатканыбыздын себеби, ошол эле Чоюн Өмүралиев которгон “Огуз наме” дастанынын сары уйгур вариантында “дин” жөнүндө сөз жок. Анда, энесинин эмчегин бир жолу гана ээмп, анан тамак сураганы айтылат. Демек, мусулман болуу жөнүндөгү текст санжырага кийин кошулган.

Андан нары “Дастанда” Угуздун кырк күндөн кийин эле басып кеткенинен кабар болот:

Кырк күн өттү. Ойноп кетти.
Бука сандуу, бөрү белдүү,
Булгун жоорун, аю көөдөн,
Бүт баданы түк еди [6, 358-б.].

Баатырлардын күн санап өсүшү – ал көпчүлүк эпикалык чыгармаларга мүнөздүү көрүнүш. Анткени, алар эл күткөн баатырлар болгондуктан күн санап, саат сайын өсүшөт. Тез эле эрезеге жетип, эбегейсиз күч-кубатка ээ болушат. Алар атайын бир улуу миссия менен жарык дүйнөгө келгендиктен, убакыт алар үчүн өзүнчө ченемдер менен аныкталат. Угуз хан дал ошондой – эл бузулуп, адамдын баары “каапыр” болгон заманда, эл жок болуп кетүү коркунучуна кабылган кезде төрөлөт.

Осмоналы Сыдык уулу да Абулгазы Бахадурду кайталап: “Угуз хан энесинин курсагынан “олуя” туулду, Карахан заманында кудайды тааныган адам калбаса, Угуз хан заманында кудайды таанybaган адам калбады [6, 55-б.] дейт.

Улуу бабабыз тууралу айтылган санжыралардын баарында ал “касиеттүү” жан болуп төрөлгөнү кеп кылынат. Ислам дининин тили менен айтканда, бул маалымат, Угуз хан жөн гана “олуя” киши эмес, “пайгамбар” адам болуп төрөлгөнүн кабарлап турат. Анткени, чыгармада, ал “олуялык” кылып, алдын ала айткан эч нерсе деле жок. Тескерисинче, ал, али тили чыга элек жатып: “кудайга ишен, Теңирдин атын атап сыйын” (Абулгазынын санжырасы боюнча: “мусулман болгун” дейт) деп энесин динге үгүттөп жатат.

Андан нары санжарада сөз минтип уланат: “Ал чакта магулдун расымы мындай эле: уул бир жашка жеткенче, ага ат коюшчу эмес. Уулу бир жашка жетти. Ошондо Кара хан элине жар салды. Анан улуг той кылды. Той күнү уулун маараке ичине келтирди. Кара хан бектерине айтты: “Биздин бу уулубуз бир жашка жетти, эми буга не ат коерсуз”? Ысым берчү бек жооп береден мурун уулга кайыптан тил бүтүп, сөзгө келди:

Атымдур Угуз билиңлер айан
Наамымдур Хызыр билиңлер айкын [6, 9-б.].

Кыргызча которсок:

Ысмым аян боюнча Угуз экенин билгиле,
Наамым аян боюнча кыдыр экенин билгиле.

Мына ушул жогорку эки сап ыр, Угуз хандын ким экенин толук айтып турат. Мындан артык так, түшүнүктүү айтууга мүмкүн эмес. Бала өз “ысмын” эле эмес, “кыдыр” экенин да айтып жатат. Мына ушул сөз (“кыдыр” [2]) биз Угуз ханды кайсы замандан, кайсы элдин ичинен издешибиз керек экенинен кабар берет. Дал ушул сөз (“кыдыр”) бизди арийлер коомуна алып барат. Арий коомунда ыйык ичимдик болгон сомадан ичип алып, транска түшкөн жрецтердин башчылары “кыдыр” деп аталышкан. Динди догмага айланткан семит коомунан айырмаланып, арат коому өз ишенимин Жаратылыш менен бир бүтүндүктө караган жана “монах”, “лама”, “молдо” сыяктуу ортомчу адамдарды талап кылган эмес. Ар бир адам Теңирге өзү түз байланышка чыгып, анын мыйзамына ылайык жашаган.

Л. Гумилевдин жазганы боюнча, тарыхка “арий” деген ат менен түшкөн Орто Азиянын байыркы элдери “турандыктар” жана “ирандыктар” деп диний ишенимдерине карата ушундай аталышкан [4, 575-б.]. Тагыраак айтканда, эски ишеним менен калгандар “турандыктар”, Заратуштураны ээрчип, жаңы динге сыйынып кеткендер “ирандыктар” деп жазылат [5, 46-б.].

Эгер, Ирандын жергиликтүү эли болгон хорлорду - “Күрдүн урпактары”, “Ахура Маздага сыйынган эл” деп билсек, анда турларды – “Турдун урпактары” же “Теңирге сыйынган эл” деп кабыл алуу керек. Бул учурда, Туранды – “Турдун өлкөсү” же “Теңирдин өлкөсү” деп түшүнүүгө туура келет. Анткени, “күн кудайы” Күрдүн атынан улам, “Иран” (К-үран) өлкөсүнүн аталышы кандай пайда болсо, “Туран” өлкөсүнүн аталышы да Турдун же Теңирдин ысмына байланыштуу дал ошондой эле пайда болгон [2].

Жыйынтыгында биз буларды айткыбыз келет:

1. Эпостогу Угуз кагандын “мусулман” экени ал кийинки ислам келгенден берки мезгилге таандык фактор;

2. Теңир дүйнө таанымы – дуалисттик мүнөздөгү деисттик окуу;

3. Теңир дүйнөтаанымы көчмөн араттар коомдорунда Табият менен жуурулушкан диний ишенимдин да ролун аткарган.

4. “Туран” аталышын бир мааниси “Теңирдин өлкөсү” деп түшүндүрүлөт. Анткени, Теңирдин чуваш тилиндеги айтылышы – “Тур”. Окумуштуулардын көбү дал ушул форма (“Тур”) алгачкы экенин айтып келатышат. Бирок, “Дингир” жана “Тур” теонимдери байыркы шумер текстеринде да кезигерин жана алар эки башка маанилерди билдирерин эске алуубуз керек.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



**Адабияттар:**


1. Акатай С. Сборник докладов Первой международной научной конференции "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов", -Бишкек.: "Кыргызстан", 2003.
2. Алымбаев А.М. – Байас Турал. Туран – Теңирдин өлкөсү (на кырг. яз.). // Материалы VII Международной научно-практической конференции. "Тенгрианство и эпическое наследие народов Евразии: истоки и современность". - 21-22 сентября 2019 г., Бишкек, Кыргызстан.
3. Банзаров Д., Черная вера. - СПб., 1891. - С.49.
4. Гумилев Л.Н. Этногенез жана жердин биочөйрөсү. - Б.: Ариал-Принт, 1999.
5. Гумилев Л.Н. Древняя Русь и Великая степь. - М.: Мысль, 1989.
6. Кыргыздар. / Түзүүчү Жусупов К. - 1-том. - Бишкек: "Кыргызстан", 1993.
7. Мифы народов мира. / гл. ред. С.А. Токарев. / в 2 томах. - М., 1987.
8. Өмүралиев Ч. Осуят. / Кыргыздар, 1-т. - Бишкек: "Кыргызстан", 1993.
9. Талып Молдо. / Кыргыздар. 2-т. - Бишкек: "Кыргызстан", 1993.